УДК 378

Боталиева У.А.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРГЕ К.ТЫНЫСТАНОВДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ОКУТУУ

*Бул макалада жогорку окуу жайында болочок педагогдорго кесиптик билим берүүдө студенттердин чыгармачыл ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, өз алдынчалыгын калыптандыруу, дидактикалык сабаттуулуктарын өнүктүрүү максатында окутуунун ыкмаларын колдонуу чагылдырылды.*

Азыркы мезгилде коомубуз мектептин алдына зор жана өтө татаал милдетти – билим, ык-машыгууларга ээ болуу процессинде окуучулардын акылын, чыгармачыл ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, өз алдынчалыгын калыптандыруу жана алардагы ар тараптуу шык, жөндөм, таланттардын өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү милдетин койду. Коомубуздун бул талабынын өтөсүнө педагогика илиминин бүгүнкү жетишкендиктерине негиздеп окуу ишин уюштура билген гана мугалим чыга алат.

Мугалимдин адистик чеберчилиги жана чыгармачылык табылгалуулугу сөзсүз анын педагогикалык билимине таянат. Педагогика илиминин мыйзам ченемдүүлүктөрүн аң-сезимдүү түшүнбөгөн мугалим педагогикалык процессти анын өз табиятына ылайык уюштура албайт. Өз табиятына ылайык уюшулбаган ар кандай процесс натыйжасыз же аз натыйжалуу болору турмушта баарыбызга эле белгилүү. Мектептерибиздеги бүгүнкү окутуунун абалынын жакшы болбой жаткандыгынын негизги себеби мына ушунда жатат.

Педагогика илиминин негизги бир бөлүгүн түзгөн окутуунун теориясынын (дидактиканын) бүгүнкү жетишкендиктерин мектепте иштеп жаткан мугалимдерибизге жана келечекте мугалим болуу үчүн даярдык көрүп окуп жаткан жаштарыбызга терең түшүндүрүүгө, дидактикалык сабаттуулуктарын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүшүбүз керек.

Педагогикалык жогорку окуу жайында бул ишти жөнгө салуу, кандай ишке ашыруу керек деген маселе дайыма коюлуп келген. Чыныгы эл ишенген адис мугалим коомдогу улам жаңы жетилип келе жаткан муундардын жан дүйнөсүнүн зергери болууга тийиш. Мындай мугалимдерди даярдоо үчүн ЖОЖдогу жалпы кесиптик дисциплиналарды окуткан ар бир окутуучу педагогикалык процессти демократиялаштыруудан, окутуучу менен студент-тердин карым-катыш мамилелерин гумандаштыруудан баштоосу зарыл. Дүйнө-дөгү улуу педагогдордун залкар ойлорун, ата-бабаларыбыздын бай тарыхый жана маданий мурастарын, кызматташтык педагогикасындагы окуучуга мээрбандык менен мамиле жасоо идеяларын каныга өздөштүрбөгөн мугалим учурдун талабына жооп бере албайт.

Мына ушундай кесиптик сапатка ээ, дидактикалык жактан сабаттуу, педагогика илими, анын өнүгүү тарыхы менен байма-бай тааныштыгы бар болочок мугалимдерди даярдоонун ыкмаларынын бири катары «Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы» курсу боюнча программада каралган кыргыз билиминин көч башы илимпозу, кыргыз педагогика илимине жана адабиятына эбегейсиз зор салым кошкон, биринчи кызыл профессор Касым Тыныстановдун ишмердүүлүгүн окутуу боюнча лекциялык сабакка токтолгум келди.

Адатта, ар бир улуу педагогдун ишмердүүлүгүн, улуу акын же жазуучунун чыгармачылыгын окутууда анын өмүр баянына көңүл бурулбай коюлбайт. Ошондуктан Касым Тыныстановдун да өмүр баянына азын-оолак токтолобуз. Традиция болуп калган: «Бул инсан баланчанчы жылы, күнү, түкүн жерде, мындай үй-бүлөдө туулган» деген дайыма кайталама фразанын ордуна

С.Максутованын «Касым Тыныстанов – кыргыз илиминдеги жылдыз» деген китебинен төмөнкү үзүндүнү алуу азыркы билим берүүнүн талабына дал келип, улуу инсандын өмүр баянын угуу жана түшүнүү кызыктуурак болобу деп ойлойм.

*«Азыркы курорт зонасы деп аталуучу Ысык-Көлдүн күңгөй тарабында, Балыкчы менен Чолпон-Ата шаарларынын ортосунда Чырпыкты айылы жайгашкан. Айылдын ылдый жагы көл жээкке, өйдө жагы сазга жакын. Илгери айылды калың камыш, чырпыктар каптап өскөндүктөн аты Чырпыкты аталып калган. Ошол Чырпыкты айылынан XIX кылымда Саяк уруусунан чыккан Маркатай деген адам төрт уулдуу болот. Аттарын Тыныстан, Жаныбек, Ураалы, Муканбет коет. Маркатайдын улуу баласы Тыныстан бойго жетип, аркы Каракол тараптан, азыркы Ак-Суу районуна караштуу Тепке айылынан Арпабек аттуу сулууга үйлөнөт. Экөө үч балалуу болушат. Улуусу Касым, ортончусу Батмакан, кичүүсү Ботаалы».*

Бул маалыматты берүү менен биз азыркы илимий-техниканын заманы болгон доорубуздун жаштарына аз да болсо уруу, ата-тек, таяке-жээн тууралуу этнопедагогикалык түшүнүк беребиз. Маалымат андан ары мындай уланат:

*«Тыныстан кат-сабаты жоюлган, ою тунук, араб тилин мыкты билген. Демек, ал колунда бар адам болот. Анткени илгертен эле колунда бар адамдар гана балдарын молдолорго акча төлөп же мал берип окутушкан. Болжолу, Маркатайдын да балдарын окутканга анча-мынча оокаты болгон.*

*Сабаты жоюлган Тыныстан да тун уулу Касымга билим берүүнү көксөп, аны аталык чоң милдети катары эсептейт. Анын үстүнө, ошол кезде арабча, латынча, орусча окуп, тил билип сүйлөй ала тургандардын заманы кирип келе жатканын эл жакшы түшүнө баштаган. Тыныстан Касымга 12 жашка чыкканга чейин араб тамгасын окуганды, жазганды өзү үйрөтөт. 12 жашка келгенде тестиер баласын жетелеп, Каракол догу орус-тузем мектебине киргизүүгө келет».*

Бул үзүндүдөн XX кылымдын башында эле кыргыз элинин билим алууга болгон умтулуусун, карапайым эл арасында да акылы жетик, келечекти көрө билген адамдар болгонун, ал адамдар өлкөбүздүн, элдин келечеги үчүн жаш муундарга (өз балдарына) билим алууга шарт түзүүгө кылган далалаттарын көрсөтө алабыз. Мына ушуну менен К.Тыныстановдун үй-бүлөдөгү тарбиясы менен тааныштырууну аяктасак да болот.

Мындан кийинки биздин максат студенттерди Касым Тыныстановдун алгачкы окуу ишмердүүлүгү менен тааныштыруу. Ал үчүн А.Мурзаевдин «К.Тыныстанов: кылымдар кырында» деген китебинен төмөнкү тексти алдым.

*«Касым 12 жашында Караколго келип, орус мектеп-интернатынан окугусу келет, бирок тексиз жерден болгондуктан бул жерге алынбайт. Көксөгөн тилеги окуу болгон соң, аргасыз өзбек мектебинен окуй баштайт. Бул мектеп, негизинен, мусулман багытында тарбия берген. Үй-бүлөсүнүн жашоо-шарты жетишсиз болгондуктан Касым окуудан бош убактысында жан сакташ үчүн жалданып иштейт, окууга керектүү кагаз-калемин өзү сатып алат. Окуу тарбия иштери начар болгондуктан жана материалдык жактан кыйналып кеткендигине байланыштуу дагы бир жолу орус мектеп-интернатына кирүүгө аракет кылат. Ушундай максат менен атасын ээрчитип, Ысык-Көлдүн күңгөй тарабындагы Сазановка (мурдагы Байсоорун, азыркы Ананьево) кыштагына келет. Ошол кезде бул жерде орус тилинде окута турган мектеп-интернат болгон, мында орус балдардан тышкары, жергиликтүү колунда бар бай кыргыздардын балдары окушчу. Ал эми Касым төмөнкү жарды катмардан болгондуктан дагы кабыл алынбайт. Бирок кыргыз котормочусунун жардамы*

*менен, бир чети өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөткөндүгү үчүн шарттуу түрдө келип кетүүчү окуучу болуп кабыл алынат жана окуудан кийин үй кызматын аткарууга макул болот. Бир жыл окугандан кийин өзүнүн жөндөмү менен мугалимдерге жагып калгандыктан мектеп-интернатка кабыл алынат».*

Бул жерден биз студенттерди XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы билим берүүнүн жүрүшү, өнүгүшү менен да тааныштырдык десек жаңылышпайбыз. Себеби ошол мезгилдеги көл өрөөнүндөгү айрым мектептер жөнүндө сөз болуп жатпайбы. Мындан тышкары Касымдын окууга болгон ынтызары, билимге умтулуусу, ага жетүү үчүн жаштыгына карабай кылган аракеттери ошол мезгилдеги жүздөгөн кыргыз уулдарынын аракетин чагылдырат. Студенттер ушул мезгилдерде Кыргызстандагы тарбиялоонун, билим берүүнүн таптык мүнөзү мурунку сабактарда өтүлгөн Батыш өлкөлөрүндөгүдөй эле болгондугун салыштыра алышат.

К.Тыныстановдун окуу ишмердүүлүгү жөнүндө андан ары мындай улантабыз:

*«Бир жыл окугандан кийин кыргыздардын 1916-жылы падышалык бийликке каршы көтөрүлүшү болот. Үркүн башталып, Кытайдын Кулжа деген жерине ата-энеси болуп үрккөн эл менен бирге кетет. 1917-жылы Октябрь революциясы жеңгендиги Кытай жергесине чагылгандай тарайт. Ошондон кийин тууган-туушкандары, ата-энеси болуп туулуп өскөн Чырпыкты кыштагына кайрылып келишет. Окуумду улантсам деген тилек менен Касым Каракол шаарында калат. Өзүнүн автобиографиясында жазганына караганда, 1919-жылдын сентябрь айына чейин иштеп, болгону эки ай гана өзбек мектебинде окуйт. Каракол шаарында окуусун улантууга мүмкүндүгү жок экенине көзү жеткенден кийин, апасынын жакын туугандары, Каракол уездинде милициянын начальниги болуп иштеген Садыбакас Султангазиевдин колдоосу менен жөө жүрүп Каркыра-Кегенди ашып өтүп, Алма-Ата шаарына келет. Жол азабын тартып, 1919-жылы сентябрь айында келсе, ал жерден жолдомо беришиптир. Аны алып Ташкентке ошол эле жылдын октябрь айынын жарымында келет да, казак-кыргыз эл агартуу институтуна кирет. Институт ошол учурда орто билимдүү мугалимдерди даярдап чыгарчу. Касым окуп жүргөндө Кыргызстан Түркстан АССРинин карамагында болуп, борбору Ташкент шаарында болчу. Орто Азия өлкөлөрү Октябрь революциясынан кийин боштондук алышып, саясий эркиндик күч алып турган мезгилде К.Тыныстанов да турмуштун, коомдун агымынан четте калбастан, 1919-жылы декабрь айынын этегинде уюшулган КСМТ (Коммунистический Союз Молодежи Туркестана) мүчөлүгүнө өтөт. Түркстан жаштар союзу 1919-1920-жылдары жаңы уюшулуп жаткан болчу. Касым мына ушул уюштуруу жумуштарына көп эмгегин жумшады, бош убактысын арнады. 1920-жылы майда «Жаңы өрис» казак тилинде чыгып жаткан газетанын бөлүм башчылыгына чакырылат, ошол эле учурда институттун алдындагы Түркстан жаштар союзунун ячейкасынын уюштуруучусу болуп шайланат. Окуу оор, иш көп, тарыхый шарт катаал.*

*Касым окууга киргенден баштап, өзүнүн жашоосу үчүн бош убактысында табылган кандай гана жумуш болбосун жалданып иштеп, окуусун да окуп жүрдү. Студенттик турмуштун начардыгынын, жаз, жай айлары тынымсыз жанталашып иштөөнүн натыйжасында күз айларында ал учук оорусуна чалдыгат. Кыш айларында ал ооруканага жатып дарыланат. Врачтык текшерүү комиссиясынын кеңеши боюнча 1921-жылы май айында ден соолугунун айынан Караколго кайра келет, бир чети ден соолугун чыңдаса, бир жагынан институттун кайталанма классына отуруу үчүн сабакка даярданат.*

*Кыргыз элинин революция менен жанданганы, эмгекчилер массасынын революциялык кыймылы Касымга тынчтык бербеди жана коомдук турмушка аралашып кетти».*

Бул маалыматта Касым Тыныстановдун окууга болгон далалаты өзүнүн тырышчактыгы, эркинин күчтүүлүгү менен акырындан аткарылып келе жаткандыгынан кабар берүү менен анын башынан кечирген оор турмушу, элдик көтөрүлүш, үркүн, Октябрь революциясы жөнүндө баяндалат. Ошондой эле ошол мезгилдеги Түркстан республикасындагы билим берүү, басма сөз, комсомол уюму тууралуу да учкай кеп болуп, Касымдын алгачкы эмгек ишмердүүлүгү башталгандыгы байкалат.

Андан ары Касым Тыныстанов өзүнүн алдына эки максат – биринчиси кыргыз тилин, экинчиси кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын үйрөнүүнү койгондугу, Агартуу институтун 1924-жылы аяктап Каракол шаарындагы педагогикалык кыргыз улутундагы мугалимдерди кайра даярдоо боюнча курска жалпы билим берүүчү сабактар боюнча лектор катары жиберилгендиги баяндалат. Ушул эле жылы ал кыргыз тилиндеги «Окуу китебин» басмадан чыгарат, 8-августта Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кандидат катары кабыл алынат. Бул анын өмүрүндөгү эң унутулгус, кубанычтуу окуялардын бири болгондугу айтылат.

Андан кийин анын кыска өмүр жолундагы эл агартуу тармагындагы жыш эмгек ишмердүүлүгү тууралуу маалымат берилет да, кийинки бөлүккө өтөбүз.

Ал бөлүмдө Касым Тыныстановдун кыргыз тил илимин өнүктүрүүдөгү илимий изилдөөлөрү, кыргыз педагогикасына кошкон салымы, окуу китептери, окуу куралдары, кыргыз алфавитин түзүү иштери, ошондой эле кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын изилдөөдөгү иштери баяндалат.

Булардан кийин Касымдын адабият жаатындагы чыгармачылыгы жөнүндө сөз болот. Анын алгачкы ырлары, качан, кайда жарык көргөндүгү, алгачкы прозалык чыгармасы болуп эсептелген «Мариям менен көл боюнда» аңгемесинин жазылуу тарыхы, биринчи ырлар жыйнагынын чыгышы, драма жанрындагы «Академиялык кечелер» деген пьесаларды жазууну уюштуруусу, башка элдин тилиндеги чыгармаларды которгондугу тууралуу маалымат кетет.

Бул маалыматтарды С.Максутованын жогоруда аталган китебиндеги Касым Тыныстановдун кайсы жылы, кайсы тармак боюнча, эмне эмгек жаратканын өзүнчө бөлүп, бир системага салган таблицасын слайд аркылуу пайдалануу менен көрсөтсө болот.

**1. ТИЛЧИ ОКУМУШТУУ**

| | |
|---|---|
| 1924-жыл | «Хрестоматия» китеби |
| 1925-жыл | «Окуу китеби» 2800 нуска |
| 1927-жыл | «Окуу-жазуу бил» (араб алфавитинде) |
| 1928-жыл | «Эне тилибиз |
| 1929-жыл | «Жаңы айыл» |
| 1931-жыл | «Эне тилибиз»(1-баскычтагы мектептер жана чоңдор үчүн) |
| 1931-жыл | «Кыргыздын адабий тилинин жаңы имласынын долбоору» |
| 1932-жыл | «Тил сабагы» |
| 1933-жыл | «Терминдер» (Тойчинов менен бирдикте) |
| 1934-жыл | «Кыргыз тилинин морфологиясы» (5-6-жыл үчүн тил сабактары) |
| 1934-жыл | «Кыргыз адабий тилинин орфографиясынын долбоору» |
| 1936-жыл | «Кыргыз тилинин синтаксиси» (6-7-8-жыл үчүн) |

**2. ЭЛ АГАРТУУЧУ**

| | |
|---|---|
| 1924-жыл | Кыргыз тилин жаңы латын алфавитине өткөрүү боюнча латын |

| | |
|---|---|
| | тамгаларын иштеп чыгат |
| 1925-жыл | Бакуда өткөн Түркологдордун сьездинде латын алфавитинин долбоорун сунуш кылат. |
| 1925-1926-жылдар | Эл агартуу маселелери боюнча жүздөгөн докладдар жасайт |
| 1927-жыл | Эл агартуу комиссариатына илимий-методикалык бөлүм киргизет |
| 1934-1936-жылдар | Кыргыз педагогика институтунун окутуучусу. |
| 1937-жыл | Кыргыз тилин орус алфавитине өткөрүү тууралуу докладын окуйт |

**3. ЖЕТЕКЧИ**

| | |
|---|---|
| 1925-1927-жылдар | Кыргыз илимий комиссиясынын жетекчиси |
| 1927-1930-жылдар | Кыргыз АССР Эл агартуу Комиссариатынын комиссары |
| 1925-ж. 29.06 – 25.10 | «Эркин Тоо» газетасынын редактору |
| 1925-1927-жылдар | «Жаңы алфавит коомунун достору» уюмунун башчысы |
| 1927-жыл | Жаңы кыргыз алфавитинин борбордук комитетинин жетекчиси |
| 1928-1931-жылдар | «Жаңы маданият жолунда» журналынын редактору |
| 1931-1936-жылдар | Маданий курулуш илим-изилдөө институтунун улуу илимий кызматкери, директору |

**4. ДРАМАТУРГ**

| | |
|---|---|
| 1931-1932-жылдар | «Академия кечелери» тарыхый драмасы |
| 1932-жыл | «Үч доор» тарыхый драмасы |

**5. АКЫН-ЖАЗУУЧУ**

| | |
|---|---|
| 1924-жыл | «Жас кайрат» казак журналына «Мариям менен көл боюнда» |
| 1925-жыл | «Касымдын ырлар жыйнагы» Москвадан чыккан. Бул ыр жыйнагына «Таң», «Алашка», «Жаңыл Мырза» ыр-поэмалары кирген |
| 1931-жыл | «Эне тилибиз» окуу китебине «Москванын көрүнүшү», «Орусия талаасы», «Лениндин күмбөзү», «Жумушчулардын көрүнүшү», «Едил суусу» ырлары киргизилген. |
| 1924-1932-жылдар. | Бардык окуу китептерине ыр, табышмак, тамсил, аңгемелери киргизилген |

**6. ЖУРНАЛИСТ**

| | |
|---|---|
| 1924-1925-жылдар | Казакча «Өрүс», «Ак жол, газеталарына , «Жас кайрат», «Сана» журналдарында иштейт |
| 1925-1936-жылдар | «Эркин Тоо» кийин «Кызыл Кыргызстан» гезитинде, «Жаңы маданият жолунда» журналында илимий-педагогикалык, саясий, социалдык-экономикалык макалалары жарыяланып турган |

**7. КОТОРМОЧУ**

| | |
|---|---|
| 1924-жыл | «Өзгөрүш ырларын» кырг. которуп, ал жыйнак болуп чыккан. Андагы «Интернационал», «Ийнелик менен кумурска», «Аза маршы», «Кайрат», «Жаш пионер ыры», «Жаш аскер» ырларын которгон |
| 1934-жыл | «Манас» эпосунун «Чоң казатын» орусчага которот. Ал котормо 3015 сап ырдан турат. |

**8. МАДАНИЙ ИШМЕР**

| | |
|---|---|
| 1928-жыл | Музыкалык фольклорчу, профессор А.В.Затаевичти Кыргызстанга чакырып, Кетмен-Төбөдөн Токтогулду, Жолойду, Чоң-Кеминден М.Күреңкеевди, Ысык-Көлдөн Карамолдону алдырып, алардын комуз жана кыяк күүлөрүн жаздырган. |
| 1930-жылдар | Өзү 10го жакын обон жараткан. |

| | |
|---|---|
| 1930-жылдар | Музыкалык аспапта ойной билген |

**9. МАНАС ТААНУУЧУ**

| | |
|---|---|
| 1935-жыл | «Манас» эпосунун кыргыз эли үчүн мааниси» деген темада доклад жасайт |
| 1934-жылдан 1937-жылга чейин | «Манастын» «Чоң казатын» орусчага которо баштайт, ал томго өзү редактор болуп баш сөзүн жазат.<br>«Манастын» үчилтигинен жатка айта билген.<br>«Манас» айтуучулардын үнүн жаздырган |

**10. ТАРЫХЧЫ**

| | |
|---|---|
| 1923-жыл | В.В.Бартольдду Кыргызстанга чакырып, кыргыз элинин тарыхын жаздырткан. |
| 1928-жыл | Этнограф С.М.Абрамзонду Кыргызстанга чакырып, музей уюштуруу үчүн аны директор кылып дайындаган. |

Мына ушундай ишмердүүлүктөрүнөн кийин студенттердин көңүлүн үй-бүлөсү, балдары, бир туугандары жана алардын куугунтукталышы тууралуу маалыматтарга бурсак болот. Бул маалыматтарды жогоруда аталган автор-лордон тышкары, З.Бектеновдун, К.Карасаевдин ж.б. тилчи, тарыхчы окумуш-туулардын, акын-жазуучулардын, замандаштарынын эскерүүлөрүнөн алабыз.

Сабагыбыздын аягын кыргыз элинин патриот уулу, кыргыз тил илиминин өнүгүүсүнүн баштоочусу, алгачкы кызыл профессор, акын, жазуучу, коомдук ишмер Касым Тыныстановдун калтырган өлбөс-өчпөс эмгегин, күнөөсүз күнөөлөнгөндүгүн, акыры ак ийилип сынбагандыгын, анын тарыхтан өз ордун тапкандыгын, анын өзүнүн акыркы сөзү менен жыйынтыктасак болот:

«… Акталып чыгып калсаңар, бала-чакама айтып койгула, мен акмын, мен үчүн алар баштарын жерге салбасын, акыр түбү чындыктын көзү табылар, аны аман калган эл билер».

**Адабияттар:**

1. Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. - Бишкек, 1996.
2. Максутова С. Касым Тыныстанов – кыргыз илиминдеги жылдыз. - Б.: Бийиктик, 2008.
3. Бекембай Апыш. Дидактика. - Б., 2009.
4. Мурзаев А. Мусаева А. К.Тыныстанов: кылымдар кырында. - Б.: Турар, 2011.
5. Мурзаев А. Куугунтук. К Тыныстанов (даректүү баян). - Б., 2007.